УДК 81-22
DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-166-173

**Сагынбекова А.У.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Sagynbekova01@gmail.com

## АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ЭМОЦИЯЛЫК АБАЛДЫ БИЛДИРГЕН ЭТИШТЕР

**Аннотация.** Макала англис тилиндеги эмоционалдык маанини туюнтуучу лексикалык каражаттарды ачууга багытталган. Жогорудагы максат төмөнкүдөй милдеттерди болжолдойт:

1) эмоциялык сезимди көрсөтүү;

2) эмотивдик лексиканын классификациясынын ар кандай жолдорун баяндоо;

3) эмоционалдык маанилерди туюнтуучу лексикалык каражаттарды табуу. Бул макаланын объектиси болуп англис тилиндеги эмоционалдык абал жана эмоционалдык мамиле этиштери саналат. “Эмоционалдык абал” жана “эмоционалдык мамиле” маанилери бар этиштердин семантикалык түзүлүшү сүрөттөлүп, оң, терс жана нейтралдуу эмоционалдык абалдын жана эмоционалдык мамиленин этиштери дифференцияланып, азыркы англис тилиндеги эмоционалдык абал жана эмоционалдык мамиле этиштери баса белгиленет. Англис тилинде эмоционалдык абалды билдирүүнүн ар кандай жолдорун изилдеген лингвисттердин эмгектери талдоого алынган. Лексикалык бирдиктердин категорияга бөлүнүү процессинин негизги принциптери жана алардын тил системасында колдонулушунун деңгээли көрсөтүлгөн.

**Негизги сөздөр:** этиш, эмоция, эмотивдүүлүк, лексика-семантикалык, семантика, эмоционалдык этиштер, эмоциялык абал, валенттүүлүк.

**Сагынбекова А.У.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Sagynbekova01@gmail.com

## ГЛАГОЛЫ ЭМОЦИОНАЛЬНОГО СОСТОЯНИЯ В АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКЕ

**Аннотация.** Целью настоящей статьи является выявление лексических средств выражения эмоционального значения в английском языке. Вышеуказанная цель предполагает решение следующих задач:

1) проявить чувство эмоциональности;

2) описать различные подходы к классификации эмотивной лексики;

3) найти лексические средства выражения эмотивных значенийОбьектам этого статьи являются глоголы эмоционального состояние и эмоционального отношения в английском языке. Описывается семантическая структура глаголов со значениями эмоционального

состояние и эмоционального отношения, дифференцируются глаголы положительного, отрицательного и нейтрального эмоционального состояние и эмоционального отношение, выделяются глаголы эмоционального состояние и эмоционального отношение в современном английском язык.
Проанализированы работы лингвистов, изучавших различные способы выражения эмоционального состояния в английском языке. Показаны основные принципы процесса категоризации лексических единиц и уровня их использования в языковой системе.

**Ключевые слова:** глагол, эмоция, эмоциональность, лексико-семантика, семантика, эмоциональные глаголы, эмоциональное состояние, валентность

**Sagunbaeva A.Y.**
Master's Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Sagynbekova01@gmail.com

## VERBS OF EMOTIONAL STATE IN ENGLISH LANGUAGE

**Abstract.** The article aims at revealing lexical means of expressing emotive meaning. The above objective presupposes the following tasks: 1) to show the sense of emotivity; 2) to describe different approaches to the classification of emotive lexicon; 3) to find lexical means of expressing emotive meanings. The object of this article is the verbs of emotional state and emotional attitude in English language. The semantic structure of verbs with meanings of emotional state and emotional attitude is described, verbs of positive, negative and neutral emotional state and emotional attitude are differentiated, verbs of emotional state and emotional attitude are distinguished in the modern English language. The work of linguists who studied various ways of expressing emotional states in English is analyzed. The basic principles of the process of categorization of lexical units and the level of their use in the language system are shown.

**Key words:** verb, emotion, emotionality, lexical-semantic, semantics, emotional verbs, emotional state, valency

Эмоция ар кандай татаал жана көп кырдуу кубулуш, психология, психиатрия, биология, философия, лингвистика ж.б. илимдеринин изилдөө объектиси болуп саналат, ошону менен катар эле бул түшүнүктүн көптөгөн интерпретациялары бар. Бирок, бул аныктамалардын бардыгынын маңызы биз психологиялык сөздүктөн окуганыбызга келип чыгат: эмоция (латын тилинен emovere – толкундануу) – бул кандайдыр бир тажрыйбада көрүнгөн психикалык процесстердин же адамдын абалынын өзгөчө түрү, өмүрүндөгү маанилүү жагдайлар (кубаныч, коркуу, ырахат), кубулуштар жана окуялар. Эмоция

психикалык жашоонун негизги жөнгө салуучуларынын бири болуп саналат жана адамдын дээрлик бардык иш-аракетинин процессинде пайда болот. Эмоция эволюция процессинде пайда болгон: алардын жардамы менен жаныбарлар курчап турган дүйнөдөгү кубулуштардын биологиялык маанисине жана дененин ички абалына баа бере алышкан [2, 10-б. ].

"Эмоция" түшүнүгү адатта тажрыйба, эмоционалдык толкундануу катары түшүнүлөт. “Эмоция – адамдын жана жаныбарлардын мээсинин кандайдыр бир реалдуу муктаждыктын (анын сапаты жана чоңдугу) жана анын канааттандыруу ыктымалдыгынын (мүмкүнчүлүгүнүн) чагылышы, аны мээ генетикалык жана мурда ээ болгон жеке тажрыйбанын негизинде баалайт” [5, б. 277].

Англис тилиндеги лингвистикалык изилдөөлөрдүн негизги актуалдуу багыттарынын бири адамдын эмоциялык кайгыруусун билдирген тилдик механизмди изилдөө болуп саналат. Бул жаңы лингвистикалык дисциплинанын б.а. эмотологиянын (эмотикалык лингвистика деп да аташат) б.а. эмоцияны жана сезимди билдирген тилдик каражаттар жөнүндө илим түзүлүшүнө алып келет.

XX кылымда бул илимдин тармагына Э.Сепир, Ш.Балли, М.Бреаль, Г.Гийом ж.б кызыгып, изилдей башташкан.

Азыркы күндө эмотологиянын проблемалары менен В.И.Шаховский, А.Вежбицкая, В.И.Жельвис, Е.В.Лукашевич, Н.А.Лукьянова, З.Е.Фомина ж.б. сыяктуулар иликтенип келүүдө.

Эмоцияларды белгилөө процесстери өтө татаал. "Эмоция" түшүнүгү бирдей эмес чечмелангендиктен, тилдеги эмоциянын чагылдырылышы тилчилердин көңүл борборунда болуп келген.

Белгилүү болгондой, эмоция (латын тилинен emotio - сезим) тышкы таасирлердин муктаждык маанисин, инсандын жашоосу үчүн пайдалуу же зыяндуулугун сенсордук чагылдырууга негизделген жүрүм-турумду импульсивдүү жөнгө салуунун психикалык процесси катары түшүнүлөт [3, с.513].

Эмоционалдык же «психикалык» абалды билдирген сөздөр биринчи жолу Ф.Ф. Фортунатова [1897], А.А. Шахматова [1941], А.М. Пешковский [1959] кийинчерээк бул тилдик бирдиктер башка изилдөөчүлөрдүн изилдөө объектисине айланат [Васильев Л.В. 1962, 1970, 1981; Гаисина Р.М. 1981; Шаховский В.И. 1987; Витт Н.В. 1988; Бабенко Л.Г. 1989, 1990; Апресян В.Ю., Апресян Ю.Д., 1995; Водяха А.А. 1995; Бронислава 1995; Гак В.Г. 1997; Гутина Е.А. 1997; Klobukov P.E.1997; Вежбицкая А. 1999].

В.Н.Шаховский эмоцияны тил системасындагы сөздүн семантикалык компененти катары караган, себеби анда сөздүн манызы –эмотивдик семасы бар. Экинчи топко

субьектиден обьектиге бул жана башка эмоциялык абал тийгизген таасири. Бул этиштер каузативдик топко тиешелүү башкача айтканда кимдир бирөөгө же кандайдыр нерсеге багыталат, жыйынтыгында өзү кандайдыр бир кыймыл аракетти аткарып, абалды сезип, сапатты өзгөртөт [6] .

Эмотивдүүлүк бул тилдик категория жана эмоциянын билдирген тилдик каражаттар менен гана бириктирет (Л.Г.Бабенко, А.В.Довгаль, Л.А.Пиатровский, В.В.Шаховскийдин пикирлерине ылайык). Бирок ар түрдүү изилдөөлөрдө бул эмотивдик категориянын тар жана кең маанисин кездештирүүгө болот. Биринчи учурда анда эмоцияны билдирген тилдик каражаттарды гана камтыйт, экинчиден –эмоцияны билдирген вербалдык каражаттардын (билдирүү каражаттары, эмоцияны билдирген каражаттар) камтыйт.

**Бүгүнкү** күндө лингвистикада эмоциянын сүрөттө тили жана эмоциянын билдирген тил деп так даана ажыратылган. Мындай бөлүнүүнүн критерийи тилдик бирдиктин функциясы болгон; эмоцияны билдирген тилдик каражаттар номинативдик функцияны аткарат, б.а. эмоцияны, сезимди, маанайды, кайгырууну оозеки номинация (сүйүнүү, кайгыруу, сүйүү, кайгылуу ж.б.) берилет; эмоциянын билдирген тилдик каражаттар эмоцияионалдык-эксперивдик функцияны аткарат башкача айтканда сүйлөөчү өзүнүн эмоционалдык ал абалын билдирүү үчүн сүйлөйт (ого, супер,) же предметке жана курчап турган эмоциалдык баа берет

Эмотивдик лингвистикада талаш тартышты туудурган маселелердин бири “эмоциядуулук” жана “эмотивдик” түшүнүктүн айырмасы. Азыркы учурда эмоционалдуулук психологиялык түшүнүк катары каралып жүрөт башкача айтканда индивиддин жөндөмдүүлүгү эмоцияны жана сезүүнү туя алат жана алардын ар түрдүү ыктар менен билдирет (мимика аркылуу, жесты, нейро-физиологиялык реакция жана ошондой эле вервиалдык).

**Эмотивдүүлүк** лингвистикалык категорияда сыяктуу (тар жана кең мааниде) эмоцияны билдирген ар түрдүү кырдаалдагы каражаттарды камтыйт. Бул макалабыздын обьектиси англис тилиндеги эмоциялык мамилени жана эмоциялык ал абалды билдирген этиштер болуп саналса, макаланын максаты азыркы англис тилиндеги эмотивдик этиштердин семантикалык өзгөчөлүктөрүн сүрөттөп берүү болуп саналат.

Негизинен эмотивдик этиштерди эки лексика-семантикалык топко бириктирсе болот: **эмоциялык абалды** жана **эмоциялык мамилени** билдирген этиштер. Лексико-семантикалык топто (ЛСТ) биз жалпы семантикалык компоненттери бириккен бир сөз түркүмдөрүнөн (биздин макалабыздагы этиштерде) түзүлгөн сөздөрдүн тобун түшүнөбүз.
Англис тилинде этиштердин бир нече түрлөрү бар [1]

**Лексика-семантикалык топтогу эмоциялык абалды билдирген этиштер.**

Лексико-семантикалык топто эмоциялык абалды билдирген этиштердин мааниси белгилуу бир эмоциялык абалда ( белгилүү бир абалда экендигин) билдиргенин туюндурат. Мисалы, to enjoy, to develop, to range, to sad, to warry ж.б.

Бул лексемдердин маанилерин “ *Мен кандайдыр бир эмоциялык абалдамын*”, же “*Мен кандайдыр бир нерсеге тынчызданып жатам*” деген семантикалык формулардын жардамы менен элестетүүгө болот,

Лексико-семантикалык топтогу эмоциялык мамилени билдирген этиштердин жалпы маанидеги этиштер менен биригип, “ *кандайдыр бир же кимдир бирөөгө белгилүү бир эмоциялык мамилени башынан өткөрөт*.” Мисалы, to admire, to despise, to hate, to love,, to respect, to trust ж.б.

Бул этиштердин мааниси “*Мен кандайдыр бир же кимдир бирөөгө эмоцияны сезип жатам*”деген семантикалык формуланын жардамы менен берилиши мүмкүн.

Лексико-семантикалык топтогу **эмоциялык абалды** билдирген этиштер семантикалык жактан бирдей эмес, бир тектүү эмес этиштердин бирдиктерин камтыйт жана бул топтун ичинен да өз алдынча топторго бөлүнөт.

1. Белгилүү ички себептерден чакырган адамдын эмоциялуу ал абалын билдирет.

Бул этиштердин лексикалык маанилеринде “ испытывать, быть в состоянии семалары бар, feel, be, show,’ этиштери менен бирге келет. Мисалы, to deplore -“*be very upset or annoyed by something*”; to fear - “*feel fear; be afraid*; to mope - ‘*be dejected and apathetic;* to pity- *‘feel pity for someone ”;* to rejoice -“*to feel or show a great joy*”; to sorrow -“*feel or display deep distress*” etc.

2. Кандайдыр бир эмоциялык абалды келүү максатында субьектинин обьектиге болгон таасири. Somebody, someone, a person сыяктуу лексемаларда субьектиден обьектиге болгон кыймыл-аракеттин багыт алгандыгын көрсөтөт. М. to alarm- *“make someone frightened or anxious*”; to captivate - “*charm or delight someone*; to disgust” - *give someone a feeling of disgust*; to gladden- *make a person glad;* to please-” *make a person feel satisfied and glad*; to enrage- “ *make someone very angry* “ etc.

Бул этиштердин семантикалык түзүлүшүндө обьектиге болгон кыймыл аракеттин багытынын “make someone”, “give someone” семалары менен белгиленет. Бул этиштердин мааниси “Кимдир бирөонү белгилүү бир эмоциялык абалга алып келуу же жеткирүү ” деген семантикалык формуланын жардамы менен берилиши мүмкүн.

Ошону менен эмоциялык абал этиштери адамдын терс жана он эмоциялык абалына карата он жана терс эмоциялдуу этиштер деп өз ара бөлүнөт.

**Оң эмоциялуу абалдагы этиштерге**” to enjoy - “*get pleasure of something”;* to exult- ‘*show or feel elation or jubilation;* to glory - “*rejoice, pride youself;* to luxuriate - “*enjoy oneself in a luxurious way;* take self*”-indulgent delight”;* to rejoice – “*feel or show great joy*” ж.б. кирет.

Терс эмоциялуу абалдагы этиштер: to despair - ‘*feel despair”,* to grieve -‘*feel grief’;* to fear -‘*feel fear’ to mope* ‘’ to mope -‘*be dejected and apathetic,* to rage -‘*be very angry’*, to repent -‘*feel or express sincere regret’*.

**Нейтралдуу эмоциялуу абалга кирген этиштер**: Психологияда бул этиштерге таң калуу маанисиндеги сөздөр кирет. astonish- “*surprise or impress (someone greatly)”,* to wander - ‘*desire or be curious to know something*”, to marvel *-be filled with wonder or astonishment,* to surprise - ‘*cause astonishment’.*

Жогорудагы корсотулгон бардык эмоциялык абалды билдирген этиштер семантикалык түзүлүшүндө түз маанидеги конкреүү эмоцияны жана сезүүнү корсоткон семалар менен

бирге келет. Эреже боюнча алар зат атооч же сын атооч менен берилет. Мисалы, *pleasure, pride, fear, grief, disgust, despair, pity, anger, apathetic, glad, dject ж.б.*

**Лексика-семантикалык топтогу эмоциялык мамилени билдирген этиштер**

Эмоциялык мамилени билдирген этиштер семантикалык белгилери кандайдыр бир обьектиге багытталган эмоция же сезим семаларынын болушу. Бул этиштердин лексикалык маанилерин талкуулоодо бул семалар ***somebody, someone, a person*** сыяктуу сөздөр менен берилет. Эмоциялык абалды билдирген этиштер сыяктуу эле эмоциялык мамилени билдирген этиштерде да семалар бар, эмоциялык процессти (көбүнчө **feel** этиши менен ) белгилейт. Тигил же бул эмоцияны же сезимди билдирүүдө конкретүү эмоциялык мамиле зат атооч жана сын атооч жардамы менен берилет. Бул этиштер да бир нече лексика - семантикалык подгруппага бөлүнөт.

**Жай эмоциялык абалды** билдирген этиштер мисалы, **to admire** -'regard with respect for someone', to dote- '*love to distraction'*; to love -*'feel a deep romantic or sexual attachment to someone*'; to respect -'*feel or show deferential regard for someone*; to sympathize -'*feel or express sympathy for someone'* to trust- '*belive in the riability,* truth- *ability or strength of someone* etc.

**Терс эмоциялуу мамилелерди** билдирген этиштерге *жек коруу, кордо, кемсинтуу, кыжырдануу, боор оору* ж.б. Мисалы, abhor –*"regard with disgust and hatred for someone*; to disgust –"*give someone a feeling of disgust*; to envy "*desire to have a quality, possession,* or other desirable attribute belonging to someone else; to hate- "*feel intense or passionate dislike for someone*; "to resent *–feel bitterness or indignation at a circumstance, action, or person*" etc.

**Нейтралдуу абалды билгизген этиштер:**

Эмоциялык мамилени билдирген этиштердин арасында обьектиден субьектиге болгон эмоциялык мамилени билдирген сөздөр кездешет б.а. обьекттин эмоциялуу мамилеси субьекттин жүрүш турумунан же белгилуу кыймыл аракетинен туудурат. Бул этиштер каузативдик деп аталат. Мисалы, annoy "*irritate someone*" *make someone angry*; to exite -'*cause strong feelings of enthusism and eagerness in someone*; to interest -'*exite the curiousity or attention of someone)*; to perturb- "*make someone anxious or unsettled"*; to sicken make –"*someone feel disgusted or appalled*" etc.

Ошентип, тил илиминде эмоцияны вербалдаштыруучу этиштер үч топко бөлүнөт: 1.Белгилүү бир эмоционалдык абалды башынан өткөрүү, белгилүү бир абалда болуу сыяктуу жалпы маанидеги эмоционалдык абалды билдирген этиштер. Мисалы: to have a heart for, to feel sympathetic

2) Белгилүү бир эмоционалдык мамилени сезүү маанисиндеги эмоционалдык мамилени билдирген этиштер: Мисалы, to take a liking for; to fall in love

3) Таасир берүүчү этиштер.  Мисалы, to turn to give a hight status.

Эмоцияларды чагылдырган этиштерди талдап жатып, алардын көбү метафоралык жол менен жасалгандыгын белгилей кетүү керек, б.а. реалдуу дүйнөнүн буга чейин белгилүү кубулуштары менен салыштыруу аркылуу. Бул өзгөчө сөз айкаштарына байланыштуу. Мисалы, to love to pieces, crash and burn, to be nuts about smth.  To go crazy сөз айкашы жинди болуу деген түз мааниге ээ, ал психикалык жактан жабыр тарткан адамга карата колдонулат. about smb / smth предлог менен айкалышып, айкалышы бирөө жөнүндө жинди болуу.

**Verbs of Emotional State in English Language**

| **Category** | **Emotion** | **Verb Examples** |
|---|---|---|
| Positive Emotions | Happiness | rejoice, delight, thrill, beam, adore |
| | Contentment | savor, appease, gratify, relax, unwind |
| | Love | cherish, adore, dote on, admire, be fond of |
| | Excitement | exhilarate, invigorate, energize, buzz, tingle |
| | Peace | soothe, calm, tranquilize, appease, settle |
| Negative Emotions | Sadness | grieve, despair, mourn, lament, agonize |
| | Anger | fume, seethe, rage, bristle, boil |
| | Fear | dread, terrify, panic, cower, flinch |
| | Disgust | loathe, abhor, repel, sicken, revolt |
| | Surprise | astonish, astound, stun, bewilder, baffle |
| Other Emotions | Confusion | perplex, mystify, bewilder, disorient, baffle |
| | Boredom | drone, drag, languish, tire, weary |
| | Trust | confide in, rely on, depend on, believe in, have faith in |

Англис тилиндеги кабылдоо этиштери жөнөкөй, учур чактарда жана атоочтуктар менен берилет.  Бирок эмоционалдык абалдагы этиштердин чактарына стилистикалык чектөөлөр бар.

| **TENSES OF THE VERB** | **VERBS OF SENSE** | **VERBS EMOTIONAL STATE** |
|---|---|---|
| SIMPLE | I always hear him singing in his cabinet. Yesterday I heard you crying in the bathroom | The young lady hates to be in his company .I hated the way he talked with his wife |
| PROGRESSIVE | We are your chilly breeze of the waves. I was feeling warm wind behind my shoulder. We will be feeling warm winds of tropical jungles. | - |
| PARTICLE | I have seen him behind the shelf. I had seen golden fish in the waters of central fountain. You will have seen the letter on the table | have been frustrated about failure. We had been frustrated about new restrictions. They will have been frustrated about the flight delay |
| PARTICLE PROGRESSIVE | She has been tasting bitter | |

| | | |
|---|---|---|
| | truth. He had been tasting the power of victory. We will have tasted the fruits of our efforts | |

Көрүнүп тургандай, эгер англис тилиндеги эмоционалдык абалдагы этиштер парадигманын борборунда болсо, аларды узак учур чакта билдирүү мүмкүн эмес. Узак учур чакта, to be frustrated -being frustrated, to get annoyed -getting annoyed сыяктуу эмоционалдык абалдын этиштери негизинен парадигманын четинде туюнат. Бул этиштик сөз айкаштары, негизинен, көп колдонулган этиштер, же өзөктүк сема камтыган бир сөздөн турган этиштерди камтыйт экенин белгилей кетүү да кызыктуу. Бул этиштер айкалышкан сөздөрдүн лексикалык маанисинин таасири менен алардын өздүк мааниси кеңейип, ар кандай стилдик, семантикалык, экспрессивдүү түскө ээ болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алмазбекова Н.А. Англис жана орус тилиндеги модалдык этиштердин колдонуу өзгөчөлүктөрү жана эквиваленти //Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. #Сборник магистрантов, – 2020. – С. 7-10.

2. Бабенко Л. Г. Лексические средства обозначения эмоций в русском языке. / Л. Г.Бабенко. – Свердловск: – Урал. ун-та, – 1989. – С.184.

3.Большой психологический словарь. Под ред. Б. Г. Мещерякова, В. П. Зинченко. СПб.: Прайм-Еврознак; – М.: – Олма-пресс, – 2004. – С. 666.

4. Еникеев М.И. Психологический энциклопедический словарь. / М.И. Еникеев. – М.: ТК Велби, Проспект, – 2006. – С. 560.

5.Симонов П. В. Информационная теория эмоции // П.В.Симонов. – М.: СПб., – 2008.

6.Шаховский В. И. Категоризация эмоций в лексико-семантической системе языка /В.И. Шаховский. – М.: – 2008. – С. 208.

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Эргешбаева Н.А.**